DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Шербаева Ж.Р.*

# КЕНЖЕ МЕКТЕП КУРАГЫНДАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ИШ-АРАКЕТТЕРИНИН КАЛЫПТАНУУСУНА ПЕДАГОГИКАЛЫК МАМИЛЕНИН ТААСИРИ

*Шербаева Ж.Р.*

# ВОЗДЕЙСТВИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ВЗАИМООТНОШЕНИЯ НА ФОРМИРОВАНИЕ УЧЕБНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ МЛАДШИХ КЛАССОВ

*J.R. Sherbaeva*

# THE IMPACT OF PEDAGOGICAL ATTITUDE ON THE FORMATION OF EDUCATIONAL ACTIVITY OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

*УДК: 37.064.2*

*Бул макалада кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу-иш аракеттеринин калыптануусундагы педагогикалык мамиленин тийген таасири жөнүндө айтылды. Баштагыч класстын мугалимдерине сабакта окутуу жана тарбиялоо процесссинде колдонууда окуучулардын билимге болгон умтулуусун, каалоосун пайда кылуу мугалим менен окуучунун ортосундагы мамилеге көз каранды экендиги маанилүү шарт экендигин көрсөтүү менен бир топ илимпоздордун ойлору, пикирлери, сунуш катары берилди. Баштагыч мектепте адамдын мүнөзүн, акылы жана адептик сапаттарын, коомдогу жүрүм-турумун аныктоочу жөндөмү жана касиеттери түптөлүп калыптангандыгы катары кароого болот. Кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттеринин ийгиликтүү калыптануусу бир канча дидактикалык шарттарды колдонуунун негизинде ишке ашары көрсөтүлдү. Ошону менен катар окуучунун билим түшүнүгүн кеңейтүүгө өбөлгөлөрдү түзүүгө шарт түзө алат. Негизинен педагогикалык ишмердүүлүк, мугалимдин ар бир кыймыл аракети, жасаган мамилеси окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун бирден бир жолу катары экендиги маалымдалды.*

***Негизги сөздөр*: *окуу иш-аракети, калыптануу, окутуунун натыйжалуулугу, педагогикалык мамиле, педагогикалык такт, мугалимдик авторитет.***

*В данной статье говорится о влиянии педагогического подхода на формирование учебно-воспитательной деятельности учащихся младшего школьного возраста. В качестве предложений были высказаны мнения, предложения ряда ученых, указывающие на то, что формирование у учащихся стремления к знаниям, желание использовать их в процессе преподавания и воспитания на уроке является важным условием взаимоотношения между учителем и учеником. В начальной школе характер, умственные и нравственные качества человека, способность и свойства, определяющие поведение в обществе, можно рассматривать как сформированное поведение. Было отмечено, что успешное формирование учебной деятельности учащихся младшего школьного возраста осуществляется на основе применения нескольких дидактических условий. Вместе с тем, он может способствовать расширению познавательных способностей учащихся. В частности, отмечалось, что педагогическая деятельность, каждое движение, отношение учителя являются одним из путей повышения эффективности обучения.*

***Ключевые слова:** учебная деятельность, формирования, эффективность обучения, педагогическое отношение, педагогический такт, авторитет учителя.*

*This article discusses the impact of pedagogical approach on the formation of educational activities of primary school students. As suggestions were expressed opinions, proposals of a number of scientists, indicating that the formation of students ' desire for knowledge, the desire to use them in the process of teaching and education in the classroom is an important condition for the relationship between teacher and student. In elementary school, the character, mental and moral qualities of a person, the ability and properties that determine behavior in society can be considered as formed behavior. It was noted that the successful formation of educational activities of primary school students is based on the application of several didactic conditions. At the same time, it can help to expand the cognitive abilities of students. In particular, it was noted that pedagogical activity, every movement, attitude of the teacher is one of the ways to improve the effectiveness of training.*

***Key words:** educational activity, formation, efficiency of training, pedagogical attitude, pedagogical tact, teacher's authority.*

Жашап жаткан коомдун кандай болушу ошол мамлекеттин билим берүү сапатына жараша болот. Ал эми билим берүү сапаты түздөн-түз мугалимдердин ишмердүүлүгүнө таандык. Ошондуктан коом мугалимдерге талапты жогору коёт. Окуучулардын билимге болгон умтулуусун, каалоосун пайда кылуу мугалим менен окуучунун ортосундагы мамилеге көз каранды.

Белгилүү совет педагогу В.А. Сухомлинский «Окутуу, үйрөтүү – бул билим берүүнүн механикалык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



түрү эмес, ал адамдардын бири-бирине болгон татаал мамилеси» – деп белгиленген [1, 180-б.].

Демек окуучулардын окуу иш-аракеттеринин калыптануусу түздөн-түз мугалимдин мамилесине жараша болот.

Окуу иш-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатуудагы ролун белгилеп, изилдөөчүлөр Н.В. Кузмина, Б.Ф. Ломов, Ф.Ф. Королев, М.А. Данилов, М.В. Мишкиндер педагогикадагы педагогикалык мамиленин өзгөчө ордун белгилешкен [2, 45.]

Бирок ар кандай педагогикалык жагдайларга жараша, педагогикалык мамилени өз нугунда колдонуу эрежелери, талаптары келип чыгат. Практика көрсөткөндөй окуу иш-аракеттерин калыптандыруунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жолу катары мугалим менен окуучунун ортосундагы мамилени жөнгө салуу, көздөгөн максатка жетүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Мугалимдин гумандуулук мамилеси өлкөдө адамдар ортосундагы толеранттуулукка, адептүүлүккө, чынчылдыкка, бири-бирине болгон сый мамилелерди үйрөтүүгө негиз боло алат. Социологдордун божомолдогон маалыматына караганда бүткүл дүйнө эли 50 000 ден ашык кесипке ээ. Алардын байыркыларынын бири мугалимдик кесип. Коомдун тажрыйбадан улам жаңы муундарга билим берүү, аларды турмушка даярдоо – бул мугалимдик кесипке багытталган иш аракет.

Мугалимдик кесип өтө көп эмгекти талап кылган кесип, кээде адамдар чыныгы мугалим болуш үчүн «Мугалим болуп төрөлүшү керек» деп коюшат. Демек, мугалимдик кесипти өмүр бою аркалап келген адамда ошол талаптарга жооп бере турган сапаттардын болушу зарыл. Эгер андай сапаттарга ээ боло албаса, анда тынымсыз эмгек, изденүү, машыгуулар менен калыптандырууга милдетүү.

А.С. Макаренко минтип жазат: Практикада көпчүлүк мугалимдер сиздер катары эле мен үчүн да төмөнкүдөй «майда-чүйдө» нерселер окуучулардын алдында кандайча туруу, кантип олтуруу, качан үндү көтөрүү, жылмаюу, тиктөө кээде чечүүчү роль ойнойт. Бул нерсеге эч ким үйрөткөн эмес, бирок үйрөтүү зарыл жана үйрөнсө болот.

Окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда педагогикалык мамиленин орду чоң. Мугалим өзүнүн үзүрлүү эмгегинде мамилелешүүнүн жагымдуу психологиялык климаттык жана инсанга туура мамиле түзө билүүнүн жолун билүү керек. Ал окуучуларга ата-энелер жана башкалар менен тил табыша билүүчүлүк же мамиле түзө алуучулук эсептелет. Балдарга айтылган пикир, олуттуу сөз чоң мааниге ээ жана уюштуруу иштерибиздеги катачылыктардын көбү алар менен туура мамиле түзө албаганыбызда. Айткандарыңдан, сөздөрүңдөн сенин сүрүң, эркиң, маданиятың, инсандык жүзүң сезилип турсун. Буга үйрөнүү керек – деп А.С. Макаренко баса белгилейт [3].

Адамдар менен тил табыша билүү педагогикалык мамиленин эң манилүү бөлүгү болуп саналат. Ансыз мугалим менен кенже мектеп курагындагы окуучунун ортосундагы өз ара түшүнбөөчүлүк дубалы тургузулуп, баланын ички дүйнөсүнө кирүү кыйын болуп калат. Кээ бир адамдар бирөөлөр менен тез тил табышса, бирөөлөр көп убакытта тил табышат, булар адамдарга табиятынан берилет. Бирок мугалим үчүн чоң мааниге ээ, аны илимде педагогикалык мамиле деп аталат.

Педагогикалык мамиле окучуунун өздүк инсанын өнүктүрүүгө туура келет. Педагогикалык мамиле окуучунун өздүк инсанын өнүктүрүүгө багытталат.

Демек, окуучунун өзүнө ишенүүсүнө, өзүн-өзү баалоого жана өзүнүн мүмкүнчүлүгүн сезе билүүгө тарбиялайт.

Эгер кенже мектеп курагындагы окуучуга алдыңкы шыктуу окуучу катары мамиле кылса, анда окуучу ошондой болуп кетүүгө умтулуулары бышык. Эгер андай мамиле түзбөсө, окуучу чөгөт, өзүн-өзү сыйлабайт, өзүнө ишеничи жоголот.

Кызыктыруу жана мактоо педагогикалык мамиленин негизги каражаты (фактору). Бирок ал натыйжалуу жана натыйжасыз болуп калышы мүмкүн. П.Дж. Конджеру, П. Массену шыктандыруунун таблицасын сунуш кылышкан. Алар иштин натыйжасын көрүп туруп баалоого үндөгөн.

Башталгыч класстын мугалимдери жаш балдарга күчтүү таасир калтырат. Биринчи мугалимдин элеси өмүр бою сакталат. Баланын ички психологиялык жабылануу учурунда, бала сөссүз мугалимдин жардамына, камкордугуна муктаж. Башкача айтканда баланы сүйүү да, талапты да коё билүү дегендик.

Белгилүү француз педагогу Ж. Ж. Руссо мындай деп жазат: «адамды бузуунун эң эле ишеничтүү жолу анын каалаганын аткаруу». Бирок эч нерсени талап кылбоо, ошондо чыныгы заалым сиздин колуңузда дей бериңиз. Бирок талап коюу окуучунун кудуретин, мүмкүнчүлүгүн жүрөк аркылуу туя билгенде гана педагогикалык мамиле максатына жетет [4,130].

Инсан бара-бара белгилүү башкаларга үлгү болоорлук деңгээлде өсүп жетилип өзгөчөлөнө баштайт. Андай мугалимди окуучулары идеал тутуп тууроого аракеттенген фактылар көп кездешет. Эгер мугалим кадыр-барктуу болсо, окуучуларына ар тараптан: окууда, жүрүм-турум маданиятында, тартибине ал турсун келечек кесибин тандап алууда да оң таасирин тийгизет. Мугалимдин кадр баркын ар түрдүү жаштагы балдар ар башкача түшүнүшөт. Кенже мектеп

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



курагындагы окуучулар мугалимдин жумшак мамилесине, сылыктыгына көбүрөөк көңүл бөлүшүп, анын методикалык ыкмаларына анча маани беришпейт.

Ал эми орто жана жогорку класстын окуучулары болсо, мугалимдин талап коё билгендигине, чынчылдыгына, окуучуларга болгон сезимтал мамилесине, предметин күчтүү билгендигине, педагогикалык чеберчилигине жана коомдогу активдүү көз карашына карап баалашат. Мугалимдик авторитетти пайда кылуучу айрым бир элементтер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Өз предметин терең сүйүү жана өздөштүрүү.

2. Предметти балдарга жеткиликтүү түшүндүрүп, классты өзүнө тарта билүүсү.

3. Акыйкатчылдыгы, ишенимдүүлүгү.

Класста «жакшы», «жаман» көргөн окуучулардын болбошу негизги талаптардын бири. Канчалык жашырууга аракет кылган менен окуучулар аны сезип калышы ыктымал. Эгерде мугалим жакшы көргөн окуучу жакын тууганы, же коңшусу, же чоңдун баласы болуп калса анда авторитеттин жоголгондугунун белгиси деп эсептесе болот.

Мугалимдин иштөө тактысы окуучу менен туура мамиле түзүүгө мүмкүнчүлүк алып келет. Демек «такт» адам менен мамилелешип анын акыбалынын эмоциясын жакындан сезип, көрүп, байкап ошого жараша жасаган аракетте байкалчу көрүнүш. «Такт» адептүүлүк түшүнүгүнө кирет жана адамдардын өз ара мамилесин нормага салып башкарып турат. Тактикалуу деген сөз, адамга мамилеси жакшы, аяр, маданияттуу, сыпаа экендигин түшүндүрөт. «Такт» бардык адамдарга зарыл сапат болуу менен гумандуулук принцибине негизделип, кандай оор кырдаалдар түзүлбөсүн адамды адам катары сыйлоосун талап кылат.

Ошондуктан, кээ бирөөлөр педагогикалык тактыны адамдын маданияттуулугу менен байланыштырып карашат. Бирок педагогикалык такт өзүнчө, адистикке байланышкан түшүнүк жана жалпы такттан айрымаланып мугалимдеги адамгерчиликтик жеке сапаттар, сылыктык, балдарды сүйүү, урматтоо менен эле чектелбейт. Баланы сүйүү – бул эмоционалдык абалдагы учур гана эмес, бул касиетке ээ болбогон адам эч качан жакшы тарбиячы боло албайт. Баланы сүйүү, анын жан дүйнөсүн түшүнүү педагогикалык тактынын эң маанилүү негиздеринин бири.

Педагогикалык такт сактабаган адам канчалык көп билбесин, жакшы тарбиячы эмес, К.Д.Ушинский белгилегендей педагогикалык такт – бул психология, психологиялык такт. Жакшы тарбиячынын, мугалимдин негизги касиети – андагы баланын жан дүйөсүнө үңүлүп кирүү жөндөмү.

Кенже мектеп курагындагы окуучуларды андап билүү, алардын окуу иш аракеттеринин калыптануусун үйрөнүү педагогдун негизги милдети.

Улуу педагог К.Д. Ушинский «эгерде педагогика инсанды ар тараптуу тарбиялагысы келсе, анда ал эң биринчи аны ар тараптан окуп үйрөнүп, андап билүүсү зарыл» - дейт [5].

Педагогдун окуучунун андап билүүсү өзгөчө мааниге ээ, дегеле ал гумандуулук тенденциясы менен тыгыз байланышта, окуу тарбия процессинин борбору болуп саналат.

Педагогиканын жана педагогикалык психологиянын негизги актуалдуу проблемаларынын бири болуп, педагогикалык ишмердүүлүк жана педагогикалык мамиленин натыйжалуулугу болуп кала берет.

Бардык үзгүлтүксүз билим берүү системасында окуу иш-аракеттерди калыптандырууну айтууда, окуу иш-аракеттерине калыптануу үчүн өз алдынча окуунун мааниси чоң экендигин айтып кетүү зарыл, себеби, аз убакыттын ичинде аз күч жумшоо менен алынган маалыматтарды кабыл алуу керек.

А.К. Громцева балдардын өз алдынча окууга даярдыгы окуу-иш аракеттердин калыптануусунда негизги процесстердин бири болушун айтат. Мына ошого жараша кенже мектеп курагынан баштап балдардын астына эмне үчүн окуунун зарылдыгы бар, окуунун силерге кандай пайдасы тиет, эмне үчүн мектепке келдиңер деген суроолорду коюу менен окуу процесстерине тартуу керек. Ошондуктан балдар өздөрү алдына максат коюу керек, ал максаттын ишке ашыруу жолдорун, көлөмүн, мазмунун тандоо.

Кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттеринин ийгиликтүү калыптануусу бир канча дидактикалык шарттарды колдонуунун негизинде ишке ашат.

Окумуштуулар В.В. Давыдов, Д.Б., Эльконин кенже мектеп окуучуларынын өнүгүүсүнүн негизги шарты болуп билим берүүнүн теориялык деңгээлин жогорулатуу деп эсептешет.

Ал эми И.Я. Лернер, А.М. Матюшкин, М.И. Махмутов, М.Н. Скаткин кенже мектеп окуучуларынын окуу иш-аракеттеринин калыптануусунда проблемалуу окутууну колдонууну сунушташат.

Өзгөчө кызыгууну А.К. Маркова, Г.И. Щукиндин ж.б. окуучулардын окуу иштерине көңүл буруусунда, окуучуларда окуп таануу мотивтерин калыптандыруунун дидактикалык шарттарына көңүл бөлүүсү пайда кылат.

Психолого-педагогикалык иштердин жыйынтыгын анализинен окуу процессин өңүктүрүүнүн шарттарын кароодо, дидактикалык шаттарды бөлүү: окутуу процессиннде максат жана жыйынтыкты аныктоо, бири-бири менен байланышкан шарттардын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



комплексин аныктоо окуучулардын окуу иш аракеттерин калыптандырууну өнүктүрүүдө негизги күч болоорун аныкташкан.

Кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттерин калыптандыруунун дидактикалык шарттарын аныктоодо, бул шарттарды ишке ашыруу учурунда кайсы сапаттарды өнүктүрүүнү аныктоо керек.

Кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттерин калыптандыруунун төмөндөгүдөй дидактикалык шарттарына токтолуп кетүүгө болот:

Ар бир окуу предметинин системалуулугу;

Окуу иш-аракеттерин калыптандырууда түрдүү окуу предметтеринин спецификалык бирдиктүүлүгү;

Окуу иш-аракеттеринин компонентерин окуучулар тарабынан түшүнүүсү;

Окуу иш-аракеттерин калыптандыруу процессинде өз алдынча окууну жана активдүүлүк деңгээлин жогорулатуу кирет [6].

Ар бир шартты карап чыгалы. Ар бир окуу предметинин системалуулугу. Окуу иш-аракеттеринин эффективдүүлүгү алынган билимдин суммасына гана карабастан, алардын ортосундагы байланышка да көз каранды болот. Системалашбаган, бири-бири менен изоляцияланган билимдин негизинде алынган иш-аракеттери аз эффективдүү болуп эсептелинет.

Түрдүү окуу предметтери окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө киришүүсүндө түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Математика сабагындагы окуу иш-аракеттер белгисиздикти жана алынган жыйынтыктарды мүнөздөйт. Математика түшүнүгү абстрактуу мүнөзгө ээ жана логикалык операцияларды - анализ, синтез, жалпылоону колдонууну талап кылат. Математика сабагында окуу иш-аракеттери жалпы акыл эс аракеттерин калыптандырат. Орус тил сабагындагы окуу иш-аракеттери көйгөйлөрдү көрүүнүн татаалдыгын мүнөздөйт, бул болсо окуучулардын көйгөйлөрдү табуу, көрүү жөндөмдүүлүгүн арттырат. Окуу сабагында көрүнүштөрдү айкын баяндоого, ой-жүгүртүүгө түркүк болууга, пландарды түзүү жөндөмдүүлүгүн арттырат. Түрдүү окуу предметтеринде окуу иш аракеттерди кароо менен, бул өзгөчөлүктөрдү эсепке албасак, окуу иш-аракеттердин толук калыптануусу мүмкүн эмес.

Окуу иш-аракеттерин калыптандыруу процессинде өз-алдынча окуунун деңгээлин жогорулатуу чоң мааниге ээ. Мындай окуу иш-аракеттерди калыптандыруунун максаты болуп, окуучуларда окуу иш-аракеттеринде өз алдынчы максат койгонго даяр болгондо, маселени чечүүдө алган билимдерди актуалдаштырганда, өзүнүн кыймыл аракетин пландоону, аларды ишке ашырууну корректировкалоого жетишкенде, жыйынтык менен коюлган максатты аныктоо эсептелинет.

Кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракетттерин кароодо алардын калыптануусунун ireттүүлүгүн жана этаптарына көңүл буруу зарыл. Бул процесстердин этаптары түрдүүчө болушу мүмкүн. Этаптарга бөлүүдө мугалим окуучунун калыптанган окуу иш-аракеттерин жана окуучулардын жекече жана курактык өзгөчөлүгүн эске алуу керек. Мына ушуга байланыштуу этаптарга бөлүүдө максаттулукту, окуу иш-аракеттеринин системасынын бүтүндүгүн жана ар бир структуралык компоненттердин иреттүүлүгүнө көңүл буруу зарылдыгы келип чыгат. Кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттериндеги ой-жүгүртүүнү калыптандырууда Г.И. Вергелестин идеяларына таяндык [7] Ар бир этапка көңүл буралы:

I этап. Бул этаптын милдеттери: окуучулардын окуу тапшырмалары жана окуу иш-аракеттери жөнүндөгү түшүнүктөрүн кеңейтүү жана тактоо; кенже мектеп курагындагы окуучулардын окуу иш-аракеттерине болгон кызыгуусун арттыруу; бул түшүнүктөргө ээ болуунун артыкчылыгын жана билим алуунун маанилүүлүгүн ачып көрсөтүү. Бул этапта мугалимдин аткарган кызматы: “маселе” түшүнүгүн окуучулар тарабынан туура кабыл алуусун калыптандыруу; анын структурасын ачып көрсөтүү; маселелерди чечүү башка түрдүү иш-аракеттерди ишке ашырууда мааниге ээ экендигин түшүндүрүү; окуу тапшырмаларынын өзгөчөлүгүн табуу жана конкретүүдөн- практикалыктын айрмачылыгын түшүндүрүүгө багытталышы керек. Бул этап мотивациялык болуп эсептелинет да, андан аркы жумуштарды аткарууда ыңгайлуу шарттарды жаратат.

II этап. Бул этапта окуучулардын окуу иш-аракеттери менен таанышуу улантылат. Кенже мектеп курагындагы окуучулар окуу иш-аракеттеринин структурасынын татаалдыгын түшүнө баштайт, окуу тапшырмаларын аткарып жатканда башка компоненттердин ортосундагы байланышка түшүнө баштайт. Бул этапта мугалим төмөнкүлөрдү көрсөтүү керек:

- маселени туура чечүү үчүн маселени туура жана так анализдөөнүн керектигин;
- билимдин жана өнөрдүүлүктүн актуалдуулугунун керектигин, маселе чечүүдө кайсы билимдер керек жана кайсы эрежелерге таянышыбыздын зарылдыгын;
- ирети менен чечүүнүн маанилүүлүгүн.

Биринчи жана экинчи этап тең окуучулардын окуу иш-аракеттерине көнүүгө жана алардын ийгиликтүү калыптануусуна шарт жаратат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



III этап. Үчүнчү этапта кенже мектеп курагындагы окуучуларда маселени чечүүдө структуралык бөлүмдөрдү карап чыгууга үйрөтүү.

IV этап. Бул этаптын негизги максаты - түрдүү маселелерди анализдөө менен жалпылуулукту аныктоо. Түрдүү маселени чечүүдө кайсы структуралык компонент биринчи каралат, маселенин анализи маселенин өзгөчөлүгүнө көз карандыбы, башка предметтерде маселе чыгарууда силер эмнеге көңүл бурасыңар деген суроо менен балдарга кайрылуу максатка ылайык.

V этап. Бул этапта балдарга түрдүү предметтерде маселелерди чечүүдө алардын окшоштуктарын жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү абдан манилүү.

VI этап. Бул этапта мугалимдер алгоритм, эскертүүлөр, алгоритмалык жазууларга таянуу керек. Бул учурда окуу тапшырмасын түшүнүү менен аткарууга жетишүү үчүн ага ылайыктуу усулдарды колдонот.

Жалпысынан алып караганда, педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу сөзсүз педагогдун кенже мектеп курагындагы окуучунун окуу ишаракеттеринин калыптануусун терең окуп үйрөнүүсүнө, аны аңдап билүү деңгээлине жараша болоору бышык.

С.В. Контратьеванын изилдөөсүндө белгилегендей, деңгээли төмөн педагогдор окуучунун сырткы көрүнүшүн гана байкай алышат. Демек педагогикалык ишмердүүлүк менен окуучуну, аңдап билүү тыгыз байланышта экендиги далилденди.

Ошондуктан мугалимдин ар бир кыймылы аракети, жасаган мамилеси окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун бирден бир жолу. Ал сапатты калыптандыруу педагогикалык билим берүүчү мекемелердин негизги милдети катары эсептелет.

**Адабияттар:**


1. Апиш Ф.Н. Психолого - дидактические основы развития учебной мотивации-М,: МГОУ, 2003 -180с.
2. Додонов Б.И. Структура и динамика мотивов деятельности//Вопросы психологии. - 1994. - №4. - С. 45.
3. Маркова А.К. и др. Формирование мотивации учения: Книга для учителя. - М.: Просвещение,1990.
4. Мыльников Д. Мотивация и проблемы в обучении // Народное образование. – 2002. - №9. - С. 123 -130.
5. Кулагина И.Ю. Возрастная психология (Развитие ребенка от рождения до 17 лет): Учеб. пособие. 4-е изд. - М.: Изд-во Ун-та Российской академии образования, 1998.
6. Доналдсон М. Мыслительная деятельность детей. - М., 1985.
7. Левитина С.С. Можно ли управлять вниманием школьника? - М., 1980.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Байышова Г.**